**«Дос-Кредобанк» ААКнын «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервиси аркылуу которууларды алуу боюнча акциясынын расмий эрежелери жана шарттары:**

**Doscredobank жана Avosend менен кыялдагы саякат**

**1. Жалпы жоболор.**
1.1. Кызыктыруучу иш-чаранын/Акциянын уюштуруучусу (мындан ары – Акция) «Дос-Кредобанк» ААК (мындан ары – «Уюштуруучу») болуп саналат.
1.2. Банк өткөрүп жаткан Акция лотерея же тобокелдикке негизделген кумар оюну эмес.
1.3. Акция Банктын Кардарларын колдоо аркылуу аларды кызыктырууга, жаңы Кардарларды тартууга, Уюштуруучунун продукттарын, сервистерин жана банктык кызматтарын пайдалануу деңгээлин жогорулатууга багытталган кызыктыруучу иш-чара/акция болуп саналат.
1.4. Жеңүүчүлөрдү аныктоодо жол берилген жок: уткан катышуучуларды кокустан аныктоо принциби (жеңүүчүлөрдү кокустан тандоону жүзөгө ашырган алгоритмди колдонуу), оюн мүнөзү жана акы төлөп катышуу.
1.5. Акцияга катышуу менен катышуучулар ушул эрежелерге (мындан ары – «Эрежелер») толук макул болот.
1.6. Акция «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервиси аркылуу ЭЛКАРТ УТС карттарына жөнөтүлгөн, эсеп ачуусуз акча котормуларга (мындан ары «акча которуулар») карата жүргүзүлөт.

**2. Терминдер жана аныктамалар**

**Акциянын аталышы – Doscredobank жана Avosend менен кыялдагы саякат**
**Карт** – Элкарт карттары
**Акциянын катышуучулары** – жеке жак, ЭЛКАРТ УТС картынын ээси
**Акцияны уюштуруучу** – «Дос-Кредобанк» ААК. Дареги: Бишкек ш., Чүй пр., 92, ГУМ Чынар, 6-кабат.
**Акциянын өнөктөшү** – «ПС Процессинг ЖЧК, «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервисинин оператору.
**Байгелер (же Акциянын Байгелери)** – Акциянын алкагында ойнотуучу бардык байгелер.
**Банктын сайты** – www.dcb.kg
**Катышуучулар** – Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле Кыргыз Республикасында жашап турууга укугу бар, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган, ЭЛКАРТ УТС төлөм карттарынын ээлери болгон адамдар.
**Акциянын жеңүүчүлөрү** – ушул Шарттардын 6-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартипте, жеңүүчү деп таануу үчүн жетиштүү болгондой, Акциянын Шарттарын толук ченемде аткарган Акциянын катышуучулары.
**Которуу** – «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервис аркылуу ЭЛКАРТ УТС картына түшкөн акча которуу.

**3. Акцияны өткөрүү мезгили:**

Акция 2023-жылдын 1-ноябры Бишкек убактысы боюнча, UTC +6 саат 00:00дөн 2024-жылдын 1-февралы 23:59га чейинки мезгилде (мындан ары – Акциянын мезгили) өткөрүлөт. Акция төмөндөгүдөй этаптарда өткөрүлөт:

- 1- этап (орто аралык этап) – 2023-жылдын 1-ноябры саат 00:00дөн 15-декабрь саат 23:59га чейин.

- 2-этап (негизги этап) – 2023-жылдын 16-декабры 00:00дөн 2024-жылдын 1-февралы саат 23:59га чейин.

**4. Байге фонду:**

| **Этап** | **Белек** | **Орун** | **Наркы** |
|---|---|---|---|
| Орто аралык этап | Саякаттоого сертификат | 1-орун | 200 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 2-орун | 60 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 3-орун | 40 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 4-орун | 30 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 5-орун | 20 000 сом |
| Негизги этап: | Саякаттоого сертификат | 1-орун | 300 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 2-орун | 100 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 3-орун | 80 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 4-орун | 70 000 сом |
| | Техника сатып алууга сертификат | 5-орун | 50 000 сом |

*** Байгелердин наркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык салыктарды жана жыйымдарды камтыйт.**

**5. Акциянын катышуучулары:**

5.1. Акцияны өткөрүү мезгили ичинде ар бири **10 000 сомдон кем эмес суммада 3төн кем эмес которууну** алган, ЭЛКАРТ УТС төлөм картынын ээлери, 16 жашка чыккан бардык жеке жактар, ошондой эле Кыргыз Республикасында жашап турууга укугу бар адамдар Акциянын Катышуучулары болуп саналат.

5.2. Уюштуруучунун кызматкерлери, алардын аффилирленген жактары (аффилирленген жактардын кызматкерлери), Акцияны даярдоого жана өткөрүүгө катышкан, Акцияны өткөрүүнү уюштурууга же жеңүүчүлөрдү аныктоо жол-жобосуна түздөн-түз катышкан уюмдардын кызматкерлери Акцияга катыша алышпайт. Ошондой эле юридикалык жактар Акцияга катыша алышпайт.

5.3. Орто аралык этаптын жыйынтыктары боюнча эң көп балл топтогон Акциянын Жеңүүчүсү Негизги жтапка катыша албайт, калган катышуучулар Акциянын Негизги этабына катышууну уланта алышат.

**6. Акцияга катышуунун шарттары:**

6.1. Акция, Уюштуруучу жана катышуунун толук эрежелери жөнүндө маалыматтын булагы банктын корпоративдик сайты www.dcb.kg (мындан ары“Сайт”) болуп саналат.

6.2. **Акциянын Орто аралык этабында Байге алууга** талаптануу үчүн Акциянын Катышуучусу Акциянын **Орто аралык этабын өткөрүү мезгилинде**:

- «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервиси аркылуу **ар бири 10 000 сомдон кем болбогон суммада** ЭЛКАРТ УТС банктык картына **3төн кем эмес которууну** алууга;
- Эң көп санда балл топтоого тийиш.

6.3. **Акциянын Негизги этабында Байге алууга** талаптануу үчүн Акциянын Катышуучусу Акциянын **бүтүндөй мезгилинде**:

- «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервиси аркылуу **ар бири 10 000 сомдон кем болбогон суммада** ЭЛКАРТ УТС банктык картына **3төн кем эмес которууну** алууга.
- Эң көп санда балл топтоого.

- Акциянын Орто аралык этабында 1-орунду ээлеген Жеңүүчү болбоого тийиш.

6.4. Баллды чегерүү:
«Avosend» маалыматтык-технологиялык сервиси аркылуу ЭЛКАРТ УТС банктык картына алынган 10 000 сомдон кем болбогон суммадагы ар бир **Которуу** үчүн **1 балл** чегерилет.

**7. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана мөөнөтү:**
7.1. Жеңүүчүлөр Акциянын ар бир этабынын жыйынтыктары боюнча Уюштуруучу тарабынан аныкталат.
7.2. Акциянын ар бир этабы аяктагандан кийин Уюштуруучу Акциянын Катышуучуларынын эсепке алынуучу Которуулары боюнча маалымат бар тизмени түзөт.

7.3. Акциянын жыйынтыктарын чыгаруу мөөнөтү:

- Орто аралык этап боюнча – 2023-ж. 15-декабрына чейин (кошо алганда).
- Негизги этап боюнча – 2024-ж. 1-февралына чейин (кошо алганда).

7.4. Акциянын Орто аралык этабы боюнча байге алган жеңүүчүлөрдүн саны – 5 катышуучу. Акциянын Орто аралык этабында эң көп санда балл топтогон Акциянын катышуучулары Байге алууга укук алган Жеңүүчүлөр болушат. Байге орду топтогон баллдын санына ылайык аныкталат.
7.5. Акциянын Негизги этабы боюнча байге алган жеңүүчүлөрдүн саны – 5 катышуучу. Орто аралык этаптын жеңүүчүсүнөн тышкары, Акциянын бүтүндөй мезгилинде эң көп санда балл топтогон Акциянын катышуучулары байге алууга укук алган Жеңүүчүлөр болушат. Байге орду топтогон баллдын санына ылайык аныкталат.
7.6. Балл саны окшош болгон учурда жеңүүчү Акциянын Катышуучусу алган эсепке алынган которуулардын эң чоң суммасы боюнча аныкталат.
7.7. Балл саны окшош жана эсепке алынган которуулардын суммасы окшош болгон учурда жеңүүчү Акция өткөрүү мезгилинде биринчи эсепке алынган которуунун убактысы боюнча аныкталат.
7.8. Уюштуруучу мындай жыйынтыктарды жарыялагандан кийин Акцияны өткөрүү процессинде Катышуучулар жол берген Акцияга катышуу тартибин жана эрежелерин бузуулар аныкталган учурлардан тышкары, Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары акыркы болуп саналат жана кайра каралбайт.

**8. Байгелерди алуу тартиби**
8.1. Уюштуруучу Жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктарын чыгарган учурдан тартып 15 календардык күн ичинде телефон аркылуу, же башка байланыш маалыматы аркылуу маалымдайт.
8.2. Эгерде байланыш маалыматын бербегендиктен улам, же башка себептерден улам Акциянын жыйынтыктарын чыгарган учурдан тартып 15 календардык күн ичинде Жеңүүчү менен байланышуу мүмкүн болбосо, байгени алуу укугун Жеңүүчүдөн кийинки Катышуу алат.
8.3. Акциянын Жеңүүчүлөрүнүн тизмеги Акциянын жыйынтыктарын чыгарган учурдан тартып 15 календардык күн ичинде Банктын сайтында жарыяланат.
8.4. Байгелерди тапшыруу Женүүчүлөрдү аныктагандан кийин, Бишкек ш., Чүй пр., 92, ГУМ “Чынар”, 6-кабат дарегинде Уюштуруучунун кеңсесинин аймагында өткөрүлөт. Байгелерди тапшыруу Акциянын жыйынтыктарын алган учурдан тартып 30 күндөн кеч эмес жүргүзүлөт.
8.5. Акциянын жеңүүчүсү байгелерди тапшырганга чейин Уюштуруучу салык органдарына маалыматтарды берүүсү үчүн Байгени алуу үчүн керектүү маалыматтарды Уюштуруучуга жеке өзү берүүгө тийиш (жеке жактардын кирешесине салык төлөө), атап айтканда:

- паспорттук маалыматтар (серия, номер, берилген күн, берген органдын аталышы);
- почта индекси менен иш жүзүндө жашаган дареги;

- шаардын коду менен байланыш телефонунун(-дорунун) номери(-лери);
- туулган күнү;
- индекси менен жашаган жери боюнча катталган дареги;
- жеке идентификациялык номери

8.6. Маалыматтар тиешелүү форманы толтуруу жана керектүү маалыматты камтыган документтердин көчүрмөлөрүн берүү аркылуу, же же маалыматтардын тууралыгын текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү башка жол менен берилет. Уюштуруучуга маалыматтар көрсөтүлгөн көлөмдө жана мөөнөттө (Акциянын жыйынтыктарын алган учурдан тартып 20 күнгө чейин) берилбеген учурда, Жеңүүчү Байгени алуу укугунан ажырайт.

8.7. Жеңүүчү Байгени тапшыруу учурунда Уюштуруучу тарабынан берилген, анын алганын ырастаган документти (Байгени алуу-өткөрүп берүү акты) толтурууга жана кол коюуга тийиш. Жеңүүчүнүн Байгени алууну тастыктаган документти толтуруудан баш тартуусу, ага тете толук эмес/туура эмес маалыматты көрсөткөнү, жана/же аталган документти толтуруу үчүн керектүү бардык маалыматты бербеген же өз убагында эмес берген учурда жеңүүчүнүн Байгеден баш тартуусун билдирет.
8.8. Байгени алууда байгени утуп алды деп таанылган Катышуучу Уюштуруучунун суроо-талабы боюнча өздүгүн күбөлөндүргөн документти көрсөтүшү керек.
8.9. Жеңүүчүнүн аты жана фамилиясы ЭЛКАРТ УТС картында көрсөтүлгөн жеңүүчүнүн маалыматтары менен дал келиши керек.
8.10. Жеңүүчү Байгени алуудан баш тарткан учурда, Уюштуруучу мындай баш тартууну чыгаруунун кесепеттери үчүн Катышуучунун алдында жоопкерчилик тартпайт жана тиешелүү Байгенин наркынын акчалай эквивалентин төлөбөйт же аны башка Байгелер менен алмаштырбайт. Мындай Жеңүүчүгө бериле турган байге талап кылынган жок деп таанылат жана Уюштуруучу аны өзү каалагандай тескөөгө укуктуу.
8.11. Алынган байгелер боюнча милдеттүү салыктарды, жыйымдарды жана милдеттүү чегерүүлөрдү төлөө Банк тарабынан жүргүзүлөт.
8.12. Байгелерди кокустан бузуу тобокелдиги жана алардын сакталышы үчүн жоопкерчилик Байгелерди берген жана кабыл алуу-өткөрүп берүү актына кол койгон учурда Акциянын Жеңүүчүлөрүнө өтөт. Байгелердин бүтүндүгү жана функционалдык жарамдуулугу түздөн-түз аларды алууда Жеңүүчүлөр тарабынан текшерилиши керек.

**9. Уюштуруучунун жана Акциянын Катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**

**9.1. Катышуучу укуктуу:**
- Банктын сайтында Акцияны өткөрүү мөөнөтү жана шарттары жөнүндө маалыматты алууга;
- Акциянын Уюштуруучусу жөнүндө маалыматты алууга;
- ушул Эрежелерди сактоону эске алуу менен, акцияга катышууга;
- ушул Эрежелерге ылайык Акциянын жеңүүчүсү деп таануу учурунда Акциянын Байгелерин берүүнү талап кылууга.
- Акцияга катышуудан баш тартууга же карманууга укуктуу.

**9.2. Катышуучу милдеттенет:**
- ушул Эрежелерди сактоого, анын ичинде Акцияны катышууга байланыштуу бардык иш-аракеттерди ушул Эрежелерде белгиленген мөөнөттө аткарууга;
- Акцияга катышуу, анын ичинде маалыматты берүү үчүн, анын ичинде эгерде мындай иш-аракеттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жана/же үчүнчү жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга алып келсе, өз алдынча жоопкерчилик тартууга.

**9.3. Уюштуруучу милдеттенет:**

- Акцияны өткөрүүгө, анын ичинде байгелерди берүүнү ишке ашырууга жана Акциянын Катышуучуларына карата башка керектүү иш-аракеттерди жасоого
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленгендей, Акциянын Жеңүүчүлөрүнүн байгени алуусуна байланыштуу бардык колдонуудагы салыктарды төлөөгө.

**9.4. Уюштуруучу укуктуу:**

- Акцияга катышуу факты анын бардык Катышуучулары ушул Шарттарга, ошондой эле алардын аты, фамилиясы жана фотосүрөттөрү Уюштуруучу тарабынан жарнамалык максатта колдонулушу мүмкүн экенине макулдугун билдирет. Акциянын жеңүүчүлөрү бул үчүн кандайдыр бир сый акы төлөөсүз, Акцияга катышуу жөнүндө, анын ичинде радио жана телевидение аркылуу, ага тете жалпыга маалымдоо каражаттарында интервью берүүгө, же графикалык жарнамалык материалды даярдоо үчүн тартылууга макул болушат. Бардык автордук укуктар Уюштуруучуга таандык болот.
- Акцияны өткөрүү мезгилинде зарыл болгон учурда ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
- форс-мажордук жагдайларда же башка күтүүсүз окуялар учурунда (кошо алганда, бирок чектелбестен) Акцияны өткөрүүнү мөөнөтүнөн мурда токтотуу же Акцияны өткөрүү мөөнөтүн жана шарттарын өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алууга;
- ушул Эрежелерде каралган учурлардан тышкары, Акциянын Катышуучулары менен жазуу жүзүндө сүйлөшүүлөрдү же башка байланыштарды жүргүзбөөгө;
- ушул Эрежелерде каралган учурларда Катышуучулардан керектүү маалыматты жана документтерди, ошондой эле мыйзамдардын талаптарына ылайык мамлекеттик органдарга берүү үчүн башка документтерди суроого;
- Акциянын Катышуучулары ар кандай себептерден улам байгелерди талап кылбаган же баш тарткан учурда, Акциянын Байге ээлеринин жалпы санын кыскартууга. Мында аталган Байгелер Акция аяктагандан кийин берилбейт жана Уюштуруучу тарабынан өзү каалагандай колдонулат;
- Акциянын Катышуучусунун ушул Эрежелерди сактабоо жана бузуу фактысы аныкталган учурда ага Байгени берүүдөн баш тартууга.

**9.5. Акциянын Уюштуруучусу төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:**

- Катышуучулардын өзүнүн күнөөсүнөн улам, Акциянын Байгелерин алуу үчүн керектүү маалыматтарды/документтерди албоо/өз убагында эмес алуу;
- Акциянын Катышуучуларынын ушул Эрежелерде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы/өз убагында эмес аткаргандыгы, же Акциянын Катышуучуларынын Сайтта Акция жөнүндө маалымат менен таанышуусунун мүмкүн эместиги;
- Акциянын Катышуучулары каттоо маалыматтарынын ичинде көрсөткөн маалыматтардын, байланыш жана башка маалыматтын тууралыгы, тактыгы жана ишенимдүүлүгү, ал эми буга байланыштуу Акциянын Катышуучулары көрсөткөн байланыш телефондору боюнча алар менен байланышуунун мүмкүн эместиги үчүн, ошондой эле Акциянын максаттары үчүн, анын ичинде Байгелерди берүү үчүн Катышуучулардан алынган маалыматты пайдалануунун мүмкүн эместиги үчүн, анын ичинде Уюштуруучудан көз каранды болбогон башка себептер;
- Акциянын Катышуучулары аларды талап кылбаган же алардан баш тарткан учурда, ошондой эле Уюштуруучудан көз каранды болбогон башка себептерден улам Катышуучулардын Байгелерди албай калгандыгы;
- Катышуучулардын Акцияны өткөрүүгө байланыштуу иш-аракеттерди аткарбагандыгы, эгерде мындай аткарбоо Катышуучунун жеке маалыматтарын жок кылуунун, анын ушул Эрежелердин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Купуялуулук жөнүндө билдирүүдө белгиленген тартипте аларды иштеп чыгууга макулдукту артка чакыртып алуусунун кесепетинде болсо;
- Катышуучулардын Акцияга катышуусуна байланыштуу алардын жашоосу, ден соолугу,

моралдык жана/же психикалык жаракаттары;

- Жеңүүчүнүн Байгеге карата күтүүлөрү.

**9.6. Акциянын башка шарттары**

- Акция, шарттары жана байгелерди алуу орундары жөнүндө кеңири маалымат менен Катышуучулар аны өткөрүү мезгилинде Банктын сайтында, банктын жана өнөктөш - «Avosend» маалыматтык-технологиялык сервисинин расмий социалдык тармактарында тааныша алышат.
- Уюштуруучу Акцияны өткөрүү мезгили ичинде ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Мында ушул Эрежелерди өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат жогорудагы пунктта көрсөтүлгөн Сайттарда жана компаниянын социалдык тармактарында жайгаштырылат.
- Акцияга катышуу менен, Катышуучу ушул Эрежелер менен толук таанышканын жана макул экенин ырастайт.